# ВИПРЕЛАКС

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

| **КУРАМЫ: 1 капсуланын курамында:** | | Керектөөнүн адекватту деңгээлинен %* |
|---|---|---|
| Мышык тамырдын маңызы (Valeriana officinalis)<br>– анын ичинде *валерен кислотасы* | 110 мг<br>0,3 мг | 15 |
| Ак гүлдүн маңызы (Matricaria recutita) | 90 мг | |
| Мелиссанын жалбырагынын маңызы (Melissa officinalis) | 80 мг | |
| L-5-гидрокситриптофан | 50 мг | 6 |
| Дүлөй чалкандын маңызы (Leonurus cardiaca) | 50 мг | |
| В12 витамини | 2,5 мкг | 83 |
| ***көмөкчү заттар:*** микрокристаллдуу целлюлоза, май кислотасынын магний туздары, кремний диоксиди; ***чел кабыгынын курамы:*** гидроксипропилметилцеллюлоза, боёгучтары: кызыл темир оксиди, титан диоксиди. | | |

**Тамак-аш продуктуларга бирдиктүү санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык талаптарга ылайык 1-бөлүм, 5-тиркеме – керектөөнүн адекваттуу деңгээлинен ашпайт.*

**КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ:** чыңалууну жана тынчсызданууну төмөндөтүү, уйкунун сапатын жакшыртуу үчүн тамак-ашка БАК катары.

5-Гидрокситриптофан (5-HTP) — организм триптофандын аминокислотасынан алынган кошунду. Кандан мээге түшүп, триптофан серотонинди иштеп чыгууга буйрук берет, ал биологиялык сааты жөнгө салган мелатониндин мурункусу болуп гана эсептелбестен, дагы «маанайдын жана бакыттын» гормону болуп эсептелет. 5-HTP серотониндин жетиштүү деңгээлин колдоп, жалпысынан эмоционалдык абалды жакшыртуу жана суткалык циклдерди калыбына келтирүү менен нерв импульстарынын өтүүсүн калыбына келтирет. Серотонин нерв клеткаларынын ортосунда импульстардын химиялык өткөргүчтүгүнүн ролун аткарып, жакшы маанайга түрткү берет, бошоңдотуучу жана тынч алдыруучу таасир көрсөтөт, ишке жөндөмдүүлүктү жогорулатат.

*Мышык тамырдын, ак гүлдүн жана дүлөй чалкандын маңызы В12 витамин менен комплексте:* стрессти жана тынчсызданууну азайтууга жардам берет, жүрөк-кан тамыр системасын, ошондой эле кадимки кан басымын колдойт.

**КОЛДОНУУ ЖОЛУ:** кечки тамак маалында 1 капсула стакан суу менен кабыл алынат.

| **АЗЫКТЫК БААЛУУЛУГУ 1 капсулага (г):** | |
|---|---|
| Белок | 0,07 |
| Майлар | 0,01 |
| Углеводдор | 0,5 |
| Энергетикалык баалуулугу | 2,5 ккал / 10,4 кДж |

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨ:**

- БАКтын курамындагыларга жекече көтөрүмсүздүк;
- 18 жашка чейинки курак

**ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨ:**

Сунушталган суткалык дозадан ашырууга жана БАКты түрдүү теңдемделген тамактануунун ордуна колдонбош керек.

**САТУУ ШАРТЫ:**
Дарыкана тармагы жана атайын дүкөндөр, соода тармактарынын бөлүмдөрү аркылуу.

**САКТОО ШАРТЫ:**
15–25 °С аба табында, жарык тийбеген жерде сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**БЕРҮҮ ФОРМАСЫ**
15 капсула мамлекеттик жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ:** 36 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.


**Өндүрүүчү:**
UAB «Aconitum»,
Inovaciju str.4, LT-54469,
Каунас району, Литва

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
VEGAPHARM LLP.,
Unit 18, 53 Norman Road,
Greenwich Centre Business Park, SE10 9QF,
Лондон, Улуу Британия

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары, Тыныстанов көч., 4а/11.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com